# “ПЕДАГОГИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮ ӨНҮГҮҮСҮ - БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ФАКТОРУ”

**(РАЗВИТИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ПОТЕНЦИА КЛЮЧЕВОЙ ФАКТОР РАЗВИТИЯ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ)**

## 2014/2015 -ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮ МУГАЛИМДЕРДИ АВГУСТ КЕҢЕШМЕЛЕРИН КАРАТА ОКУУ ПРЕДМЕТТЕР БОЮНЧА



**Кыргыз билим берүү академиясынын методикалык сунуштар**



К. Самсалиева.

**Коомдогу жүрүп жаткан социалдык-экономикалык реформалардын негизинде таалим-тарбия процессинин мазмунун, методдорун жана формаларын өркүндөтүү бүгүнкү күндүн негизги маселелеринин бири. Республикада жүргүзүлгөн реформалардын башкы максаты - билим берүү системасын социалдык-экономикалык чөйрөгө ылайыкташтыруу. Ар бир жаңы окуу жылы өзгөрүүлөр жана өзгөчөлүктөр менен коштолуп, келечек ээлери болгон жаш муундарды мектепте окутууда жана тарбиялоодо жаңы милдеттерди чечүүнүн зарылчылыгын белгилейт.**

2014-2015-окуу жылы математика предметин окуткан мугалимдер үчүн математикалык билим берүүнүн жалпы абалын жакшыртуучу системалуу иш- чараларды чечүү зарылчылыгынын негизинде төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүнү алдыга коёт.

1. 2014-жыл Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы болгондуктан математика предметин окутуунун тарбиялык потенциалын ушул багытка буруу зарыл.

2. Мамлекетибиздин өсүп, өнүгүшүн чагылдырган статистикалык, экономикалык ж.б. маселелерди колдонууга көңүл буруу менен математика сабагында окуучулардын прикладдык, кесиптик, турмуштук маселелерди чечүүгө өбөлгө болуучу математикалык ой жүгүртүүлөрүн калыптандыруу.

3. Теориялык материалдардын мазмунун оптималдаштыруу менен бирге, окуучулардын алган билимдерин турмушта жана практикада колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу, окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү иштерин жүргүзүү.

4. Окуучулардын математика предметине кызыгууларын арттыруу, математикалык маалымат аркылуу мектеп окуучуларынын өз алдынча көндүмдөрүн өнүктүрүү.

## I. Математика предметинин окуу жүктөмүнүн көлөмү.

Жалпы билим берүүчү мектептерде 2014-2015-окуу жылында математика предметин окутуу өткөн окуу жылына сунушталгандай математика предметин окутуу өткөн окуу жылына сунуш кылынып, бекитилген математика боюнча окуу программасынын негизинде жүргүзүлөт. Жаңы базистик окуу планында сааттарды кыскартуу каралган эмес.

**Математика мугалимдеринин иш тажрыйбасы көрсөткөндөй математика курсунун предметтерине бөлүнгөн сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн.**

*1-таблица*

| класс | предметтер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | математика | | алгебра | | геометрия | |
| | I жарым жылдык | II жарым жылдык | I жарым жылдык | II жарым жылдык | I жарым жылдык | II жарым жылдык |
| 5 | 4 | 4 | | | | |
| 6 | 4 | 4 | | | | |
| 7 | | | 3 | 2 | 1 | 2 |
| 8 | | | 3 | 2 | 1 | 2 |
| 9 | | | 2 | 3 | 2 | 1 |
| 10 | | | 3 | 2 | 1 | 2 |
| 11 | | | 2 | 3 | 2 | 1 |

*Эскерт: 1-таблицадагы сааттардын бөлүштүрүлүшү КББ академиясынын, Бишкек шаардык билим берүү бөлүмүнүн өкүлдөрүнүн катышуусунда Бишкек шаарынын мугалимдери тарабынан сунушталган.*

Класстар боюнча жумалык сааттардын мындай бөлүштүрүлүшү мурунку традициялык (алгебра 4 с., геометрия 2 с.) бөлүштүрүүдөн айырмасы мугалимден окуу материалынын мазмунун тандоодо: милдеттүү, кошумча, жардамчы деген түрлөргө бөлүп тандоону талап кылат. Жаңы теоретикалык материалды жана көнүгүүлөрдү берүүнүн структурасы жана окуучу менен окутуучунун өз ара аракеттенүүлөрү өзгөрүүгө дуушар болот. Мурункудай закондор, теоремаларды айрым учурларда толук далилдөөнү талап кылынбайт. Мектептердеги окутуунун маалыматтык каражаттарын, окутуунун интерактивдүү меттоддорун үргалдуу (интенсивдүү) пайдалануу талап кылынат.

Сабактарга даярдануу учурунда окуу планына бөлүнгөн убакытты максималдуу пайдалануу жана окутуунун бардык компоненттерин оптималдаштыруу: жаңы маалыматты берүү жолдору; (оозеки, жазуу, аудиовизуалдык, компьютер аркылуу); жеке иштер (индивидуалдык) жана өз алдынча иштерди уюштуруу системасын; окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо ж.б.

**Жаңы окуу жылынын тематикалык-календардык планын түзүүдө математика предметин окутуу үчүн бөлүнгөн 2-таблицадагы сааттардын көлөмүнө көңүл буруу керек.**

*2-таблица*

| класстар | предметтер | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 5 | математика | 136 |
| 6 | математика | 136 |
| 7 | Алгебра | 83 |
| 7 | геометрия | 53 |
| 8 | Алгебра | 83 |
| 8 | геометрия | 53 |
| 9 | Алгебра | 87 |
| 9 | геометрия | 49 |
| 10 | Алгебра жана анализдин башталышы | 83 |
| 10 | геометрия | 53 |
| 11 | Алгебра жана анализдин башталышы | 87 |
| 11 | геометрия | 49 |
| жалпы | 5 – 11- класстар | 952 |

### III. Колдонууга сунуш кылынуучу окуу китептери.

**Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн төмөнкү окуу китептерин колдонуу сунуш кылынат:**

| № | класс | Окуу китептеринин аталышы | Авторлор | Чыгарылган жылы | Басмакана |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5 | Математика | Бекбоев И.Б ж.б | 2006-жыл, 2-басылышы жана кийинки басылыштары. | Б.: «Билим» |
| 2 | 6 | Математика | Бекбоев И.Б ж.б | 2012-ж 3-басылышы ж.б | Б.: «Билим» |
| 3 | 7 | Алгебра | | | |
| 4 | 8 | Алгебра | Байзаков Д.Б ж.б | 2009-жыл 1-басылышы | Б.: «Adit» |
| 5 | 9 | Алгебра | Иманалиев М. ж.б | 2010-жыл 3-басылышы | Б.: «Билим» |
| 6 | 10 | Алгебра жана анализдин башталышы | Ж. Саламатов ж.б | 2009-жыл 2-басылышы | Б.: «Мамлекеттик тил жана энциклопедия үйү» |
| 7 | 11 | Алгебра жана анализдин башталышы | М. Иманалиев, А.Асанов ж.б | 2009-жыл 1-басылышы | Б.: "Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору" |
| 8 | 7-9 | Геометрия | Бекбоев И. Б ж.б | 2006-жыл 2-басылышы ж.б | Б.: "Педагогика" |
| 9 | 10-11 | Геометрия | Бекбоев И.Б ж.б | 2009-жыл 2-басылышы ж.б | Б.: "Adit" |

**Окуу китептеринен сырткары төмөнкүдөй методикалык колдонмолор сунушталат:**

1. Бекбоев И.Б. ж.б. Математиканы 5-6-класстарда окутуу. – Бишкек: Педагогика, 2003-ж.
2. Бекбоев И.Б ж.б. Геометрияны 7-9-класстарда окутуу. - Бишкек: Педагогика, 2003-жыл.
3. Бекбоев И.Б ж.б. Геометрияны 10-11-класстарда окутуу. – Бишкек: Педагогика, 2003-ж.
4. Бекбоев И.Б., Айылчиев А. Геометрия курсунун жана окуу китептериндеги «татаалыраак» маселелердин чыгарылыштары. - Бишкек: Педагогика, 2001-ж.

Математиканы окутуунун мектеп курсундагы масел... бири, окутуунун технологияларын жана методикасын байытуу эң актуалдуу маселелерден болуп калууда. Бул окуу жылында да төмөнкү маселелерге көңүл буруу керек:

1. Математикалык логиканын элементтери. Математикалык логиканын элементтерин мектеп практикасына киргизүү, матема-тиканын курсунун көптөгөн традициялык бөлүмдөрүн логикалык кайрадан иштеп чыгууга пайдалануу өтө керектүү.

2. Вектордук алгебра. Вектордук алгебранын идеялары жана материалдары геометриялык жана физикалык маселелер-ди чыгаруунун негизги каражаты болуп кызмат кылат.

3. Ыктымалдуулуктар теориясы жана математикалык статистика. Бул теманын материалдары окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн, логикасын өстүрүү менен дүйнөгө илимий көз карашын калыптандырат. Азыркы учурдагы социалдык, эко-номикалык ж.б. процесстерге ыктымалдуулук жана статистика-лык мамилесиз кароого мүмкүн эмес.

**I. Август кеңешмесинде талкуулоочу суроолор.**

1. Орто мектепе математикалык билим берүүнү модерниза-циялоо.
2. Мектеп окуучуларынын математикалык маданиятын к... лыптандыруу.
3. Математика окуу китептеринин мазмунун оптималдашт... руу жана баалоо маселелери.
4. Математикалык билим берүүнүн структурасы жана мат... матикалык түзүүчүсүнүн дидактикалык модели.
5. Математика сабагында проект методун колдонуу.
6. Функциялар жана алардын графиктерин окутуунун мет... дикасы (IX-XI класс).
7. Ыктымалдуулуктар теориясы жана статистикага бай... нышкан маселелерди чыгаруу.
8. Математика сабагында компьютердик технологиялард... колдонуунун практикалык негиздери.
9. Геометрия боюнча тригонометрияга байланыштуу мас... лелерди чыгаруу.
10. Жаңы окуу жылынын базалык окуу планы боюнча кал... дардык –тематикалык пландаштыруу.

# Математика

К. Самсалиева.

**I. Миссия предмета**

Каждый новый учебный год вносит свои изменения и осо-бенности, закладывает новые возможности для будущего. Так в предстоящем 2014-2015 учебном году на уроках математики учителям предстоит решить ряд новых и очень серьезных задач.

1. Учитывая, что 2014 год является Годом укрепления го-сударственности Кыргызской Республики необходимо по новому отнестись к воспитательному потенциалу предмета.

2. Обратить внимание на использование на уроках статистических, экономических и других материалов характери-зующих динамику развития республики и заодно решить пробле-му практической и прикладной направленности предмета мате-матики.

3. Провести кропотливую работу по оптимизации теоретиче-ского материала при одновременном формировании и усилении ...использования учениками полученных знаний в жизни

4. Развитие у учащихся интереса к предмету и на уче... школьников навыкам поиска, отбора, анализа и самостояте... ной работы с математической информацией из различных ист... ников.

**II. Объем и учебная нагрузка предмета**

В предстоящем 2014-2015 учебном году обучение предм... математики в общеобразовательных школах будет продолж... по ранее утвержденной учебной программе. В новом Базис... учебном плане для общеобразовательных школ не предус... трено дальнейшее сокращение часов. Тем не менее необход... серьезная работа по адаптации российских учебников и опт... зации содержания учебного материала в рамках существук... часов.

